*Байженова Г.*

# ЖЕҢИШ МАЙРАМЫ

*Байженова Г.*

# ПРАЗДНИК ПОБЕДЫ

*G.Bayzhenova*

# VICTORY DAY

*УДК: 623/12-801-5*

Аты жаман согуш деген суук сөз,
Элге жерге жел сыяктуу тарады,
Караң калгыр эми кандай болот деп.
Эл байкуштар элеңдешип бири-бирин карады.

Ата кетти, ага кетти, асыл жар кетти,
Боздоп ыйлап эне калды, асыл жар калды.
Гитлерди жеңсе экен деп тилешип.
Күнү-түнү иштеп ыйлап зарлашты.

1945 – жаркыраган жаз келди.
Аркасынан 9-Май Жеңиш күн келди.
Унуткансып беш жыл согуш күндөрүн.
Эл журтумдун маңдайына нур берди.

Андан бери жетимиш жыл өттү,
Көкүрөктөгү ый зар өчтү,
Куттукташып бул майрамда бири-бирин.
Жүздөрүнө жаркыраган нур төктү.

Куттуу болсун жетимиш жыл майрамың.
Жеңиш күнү чоң майрамга айланды,
Жеңиш күндүн дагы көбүн майрамдап,
Баатырларым болгулачы үйдүн куту ардагы.

**Рецензент:**
**кандидат филологических наук Ибрагимов К.И.**